**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

**Сабактын кептик темасы**: Кызыл китеп.Кыргызстандагы сейрек кездешүүчү жаныбарлар

**Сабактын грамматикалык материал**: Толуктоочту кайталоо, кимге? эмнеге? кимди ? эмнени?

*Шабданова Айзада Ашымовна*

*2019-2020- окуу жылы*

**8 Б-класс** **Сабактын планы**

**Сабактын кептик темасы**: Кызыл китеп.Кыргызстандагы сейрек кездешүүчү жаныбарлар

**Сабактын грамматикалык темасы**: Толуктоочту кайталоо, кимге? эмнеге? кимди ? эмнени? деген суроолорго жооп берген сөздөр.

**Сабактын максаттары:**

**1.Тилдик максаты:** Кызыл китеп,сейрек кездешүүчү жаныбарлар боюнча лексиканы активдештирет,барыш,табыш жөндөмөлөрүн оозеки жана жазуу кебинде туура колдонгонду үйрөнөт.Таяныч үлгүлөрдү колдонуп,ой жүгүртүү жөндөмдөрү өнүгөт.

2.**Кептик-катнаштык максаты:** Ким кайсы жаныбарды жакшы көрөрүн,эмне үчүн жакшы көрөрү тууралында сүйлөшүшөт,окуганы боюнча өз пикирлерин айтат.Кептик үлгүлөр боюнча талкууга катышат. Кырдаалга жараша маалымат сураганга жооп бергенге машыгат.

3.**Социо-маданий максаты :** Кызыл китеп,сейрек кездешүүчү жаныбарларга кызыгуулары калыптанат. Жаратылышты, жаныбарларды коргоого үйрөнүшөт.Топтордо, жуптарда бири-бири менен сылык мамиле түзүүгө, өз ара аракеттенүүгө көнүгүшөт.

**Сабактын ресурстары:** ОТК –кызыл китеп,сейрек кездешүүчү жаныбарлар темасындагы сөздүк боюнча визуалдык материалдар,видео ролик,кептик үлгүлөр,сүрөттөр ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

| **Мугалимдин ишмердүүлүгү.Тапшырмалар жана көнүгүүлөр** | **Окуучунун ишмердүүлүгү**<br><br>**Сабакта өз ара аракеттерди уюштуруунун формалары:** | **Комментарийлер** |
|---|---|---|
| Саламдашуу. **Кырдаалдык көнүгүү**. Бири-бириңерге комплимент айткыла. (1-2 мүнөт)<br>Таяныч кеп үлгүлөрүн колдонгула.<br>• **Мага сенин … … жагат.**<br>• **Сен – …**<br>• **Мен сенин … баалайм.**<br>• **Мен сенин … суктанам.**<br><br>**Мен сенин … жакшы көрөм.** | Окуучулар ички жана сырткы тегеректе турушат, жуптарда комплимент айтышат. Жуптар алмашат, кайра комплимент айтышат. | Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда мугалим менен окуучулар эле эмес, окуучулар өз ара тыгыз карым-катнаш мамиледе болуусу шарт. Ошондуктан, салттуу учурашуудан айырмаланып, окуучулар бири-бири менен учурашуусун уюштуруу сабактын башында жагымдуу жагдайды гана түзбөстөн, окутуу процессин реалдуу коммуникация процессине жакындатат. |
| **Келгиле, балдар, сабактын темасын билели.**<br>**Видеого көңүл бургула**. **Эмне жөнүндө сүйлөшөбүз деп ойлойсуңар? деген суроого жуптарда жооп издегиле. 1 мүнөт өз оюңарды бири-бириңер менен бөлүшкүлө.**<br>(1 мүнөт убакыт өлчөп берет, саатта | Окуучулар экрандагы видео роликти көрүп, **бул видео боюнча эмне жөнүндө сүйлөшөбүз деп ойлойсуңар?** деген суроого жуптарда жооп издешет. Бири-бири менен ой бөлүшсүн. Сабактын темасы эмне жөнүндө экенин өз алдынча божомолдошот. Бүгүнкү сабактын темасын өздөрү аташат. “жаратылыш | Сабактын максаттарын коюуда максаттарды так белгилөө, ишке ашырыла турган милдеттерди аныктоо гана маанилүү болбостон, максат коюу окуучунун сабакка кызыгуусун ойготууну да көздөгөндүктөн, |

| | | |
|---|---|---|
| өзү үчүн белгилеп алат.) Орусча айтып берген болбойт. Сүрөттөгү тартылган буюмдарды, нерселерди түшүндүрбөйт, окуучулар өздөрү топтордо ой жүгүртүшөт.<br>Окуучулардын ойлорун угуп, мактап, колдогондон кийин, тилдик материалды кайталатам:<br>**Кызыл китеп,сейрек кездешкен жаныбарлар,ак илбирс,жейрен,кундуз ж.б деген сөздөр менен сүйлөм түзгүлө.** Айрым окуучулар өз алдынча сүйлөмдөрдү оозеки айтышат. Калган окуучуларга кептик таяныч үлгүлөрдү сунуштайм. | жөнүндө сүйлөшөбүз”, “тоого баруу”, “жаныбарлар дүйнөсүндө”, “токойлор, токой жаныбарлары,жапайы жаныбарлар” ж.б. божомол жасашсын. | окуучулар бүгүнкү сабакта эмне иштерди жана кантип аткарарын мугалим менен бирге талкуулап, сүйлөшүп алуусу керек. |
| **Сабактын максаттары менен тааныштыруу.** Окуучулардын божомолунан кийин гана мугалим<br><br>**<u>бүгүнкү темабыз: </u>«Сейрек кездешкен жаныбарлар»** деп жарыялайт. Бул темада сабактын максаттары кандай болот деп ойлойсуңар? деп сурайт. Сабакка кандай максаттарды коёбуз? Мугалим окуучуларга бүгүнкү сабакка өз иш-аракеттерин болжолдоого мүмкүнчүлүк берет, бул аларды мотивдештирүүгө шарт түзөт, алардын оюн угуп, макулдашып, сабакка пландаштырылган максаттарын | **Окуучулар тема боюнча сабакка өздөрү максаттарды** /күтүлүүчү натыйжаларды коюшат**.**<br>**Мисалы**: ... жөнүндө сүйлөшөбүз. Кимди? Эмнени? Кимге,Эмнеге?деген суроолорго жооп берген сөздөрдү кайталайбыз. Маалымат сураганга, жооп бергенге машыгабыз. Аңгемелешебиз.<br>Тема боюнча сөздөрдү жазганды үйрөнөбүз.<br>... туура жүрүм-турумга үйрөнөбүз.<br><br>Мугалим экранга сабактын максаттарын чыгарганда аларды үн чыгарып окушат, макулдашышат, максаттар боюнча суроолору бар болсо, беришет. Керек болсо, балдардын кийлигишүүсү менен | Сабактын башталышында ишмердүүлүктү так жана туура уюштуруу аркылуу сабактын эффективдүү болушуна өбөлгө түзөбүз. Окуучулар эмне жумуш аткарарын, эмне үчүн муну аткара турганын, ал аракеттери кандай критерийлер менен баалана турганын билишсе, окутуу процессин мугалим менен кошо көзөмөлгө алып турушат. |

| | | |
|---|---|---|
| /күтүлүүчү натыйжаларын экранга чыгарат. Күтүлүүчү натыйжалар окуучунун позициясынан формулировкаланат. (1-2 мүнөт) | максаттар ондолот | |
| **II. Сабактын негизги бөлүгү. Жаңы материалды өздөштүрүү. А) Чынжырча менен сүйлөшкүлө.** | | |
| **Үй тапшырмасын интерактивдүү оюн аркылуу текшерем.** (5 мүнөт) “Сөз ула”. **Ким эмне кылганды жакшы көрөт? Эмне үчүн аны жакшы көрөт?** деген суроолорго жооп фразаны айтып, бири-бириңерди улагыла. | Окуучулардын улам кийинкиси мурункусунун айтканын кайталайт жана өзү кошот. Натыйжада, 18 окуучунун бир тобу сүйлөйт, бири-бирин кунт коюп угат, түшүнөт, туура кайталайт. **Мисалы:** 1-окуучу: Мен ... доктур болгум келет. Себеби ... . 2-окуучу: Жоомарт ... доктур болгусу келет экен,а мен болсо программист болгум келет,себеби. Мен ... жакшы көрөм. Себеби ... пайдалуу. 3-окуучу: Жоомарт ... архитектор болгусу келет. Нурадил ... болгусу келет. Айгерим дизайнер болгус келет. 4-окуучу: Жоомарт ... жакшы көрөт. Нурадил ... жакшы көрөт. Рита ... жакшы | |
| **Б) Жаңы сөздөр менен иштөө.** | | |
| Жаңы сөздөрдү үйрөнөбүз. Алар | Мугалим жаңы лексиканы презентация | Мугалим жаңы лексиканы презентация |

| | | |
|---|---|---|
| менен таанышкыла. (Слайд) Презентацияда котормосуз сөз үйрөтүү – семантизациянын ар кандай ыкмаларын колдоном.<br>Лексика жана грамматикага үйрөтүү визуалдык материал менен коштолот.<br>**Сөздүк**:<br>Кызыл китеп,жаратылыш,токой,ак илбирс,марал,күсөн,кундуз ж.б.<br><br>(5 мүнөт) | аркылуу өткөрөт. Окуучулар презентация учурунда жаңы лексиканы өздөштүрүшөт: алар сөздөрдүн маанилерин сүрөттөр аркылуу түшүнүп кабыл алышат, сөздөрдү туура окушат, кайталашат, хор менен да кайталашат, айрым учурда сөз айкаштарда колдонуп, сүйлөм түзүп кебинде активдештирет. “**кызыл китеп мамлекеттик документ,ак илбирс баалуу жаныбар,кундузан тон жасалат”** деп ар кандай сөз айкаштарда бериш керек. | аркылуу өткөрөт. Окуучулар презентация учурунда жаңы лексиканы өздөштүрүшөт: алар сөздөрдүн маанилерин сүрөттөр аркылуу түшүнүп кабыл алышат, сөздөрдү туура окушат, кайталашат, хор менен да кайталашат, айрым учурда сөз айкаштарда колдонуп, сүйлөм түзүп кебинде активдештирет.**”** “**кызыл китеп мамлекеттик документ,ак илбирс баалуу жаныбар,кундуздан тон жасалат”** деп ар кандай сөз айкаштарда бериш керек. |
| **В) Машыктыруучу көнүгүү. Сөздөрдү темалар боюнча бөлүштүрүү. Жазуу иши** | | |
| Балдар, кичи топ менен төмөнкү тапшырманы аткаргыла. Кичи топтордо төмөнкү сөз жана сөз айкаштарды окугула. Түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин тактагыла, сөздүккө кайрылгыла. Аларды таблицадагы тематикалык топторго бөлүштүргүлө.<br>(7 мүнөт) | Окуучулар кичи топтордо сөз жана сөз айкаштарды окуп чыгышат, өз окугандары боюнча өз ара сүйлөшүп, темалар боюнча бөлүштүрөт. Жазып аткарышат. Топтор өз тапшырмасын класска окуп беришет. | **Жазууга үйрөтүү –** ойду жазуу түрүндө өз алдынча баяндап берүү компетенциясын калыптандыруу. |
| **Ш. Өтүлгөн материалды бышыктоо.** | | |
| **Ш. 2. Жуптарга тапшырмалар.** Жуптарда иштегиле, төмөнкү кырдаалдарга диалог кургула. Аңгемелешип, силерди кызыктырган маалыматты сурап билгиле.<br>**Баалоого критерийлер:**<br>Жуптун иши 5 упайга бааланат: | 1. Кызыл китеп деген эмне? Кайсы жаныбарды жакшы көрөт же жакшы көрбөйбү сурап бил.<br>2. Кыргызстанда кандай сейрек кещдешүүчү жаныбарлар бар,аларга мамлекет тарабынан кандай камкордуктар көрүлөт | Окуучуларды критерийлер менен баалоодо төмөнкүдөй маанилүү кадамдар бар:<br>Окуучулар максаттарды билишет жана түшүнүшөт.<br>Окуучулар ошол максаттарга дал келген жыйынтыктарды баалоонун |

| | | |
|---|---|---|
| Кеп үлгүсүн колдоно алышса, 1 упайга чейин.<br>Маалымат толук айтылса, 2 упайга чейин.<br>Айткан тексти кызыктуу болсо, 2 упайга чейин.<br><br>Тапшырма аткарууга 5 мүнөт убакыт берилет. Тапшырма боюнча жооп берген сайын баалап турам. Балдар мурунку сабактарда да ушундай иштеп, баалоодо айрым критерийлерге көнүгүшкөн. Жооптун тууралыгын, жооп берүүчүнүн ишенимдүү сүйлөгөнүн, жанындагы окуучуга сөз узаткан жөндөмүн ж. б. эске алып баалайм. (10 мүнөт) | сурап бил,кайсы жаныбарлар кызыл китепке киргизилиптир,кызыл китепте кандай барактар бар экен,кызыл барактарда кайсы жаныбарлар жазылыптыр,боз барактарда кайсы жаныбарлар жазылыптыр сурап бил.<br><br>.<br><br>Тапшырма аткарууга 5 мүнөт убакыт берилет. Тапшырмага киришерде баалоонун критерийлери айтылат. Жупта иштешет. Кептик таянычтар менен иштөө сунушталат.<br>Бардык жуптар жумуштарын бүткөндө үн чыгарып, тактанын жанына келип жакташат. | критерийлерин билишет жана түшүнүшөт.<br>Окуучулар өз ишин талдаганды билишет. Алар ошондой эле бири-бирин критерийлер боюнча баалаганды билишет.<br>Баалоого чейин критерийлер менен тааныштыруу керек. Ошондо окуучу баалоого жакшылап кылдат даярданат.<br>Баалоону окуучулар өз ара баалоо учурунда критерийлер менен жүргүзүшөт: критерийлерди окуучулар менен мугалим чогуу түзгөн |
| **IV. Сабактын жыйынтыгы. Рефлексия. Окуучулардын өзүн-өзү баалоосу.** | | |
| Эмнеге үйрөндүң?<br>– Эмнени билдиң?<br>– Эмне жакты / жаккан жок? Эмне үчүн?<br>– Сен үчүн эмнелер кызыктуу болду?<br>(1 мүнөт) | • **Мен ... үйрөндүм.**<br>• **Мен ... билдим.**<br>• **Мага ... жакты. Себеби ... .**<br>• **Мага ... жаккан жок. Себеби ... .**<br>**Мен үчүн ... кызыктуу болду.** | Ар бир окуучу сабактын аягында өзүн-өзү баалаганга мүмкүнчүлүк алат. Экинчи тилде бул ишмердүүлүккө кептик үлгүлөр сунушталыш керек. Ушул кептик үлгүлөр тактада көрүнө жерде илинип турса, сабактан-сабакка ал үлгүлөрдү колдонуу менен окуучу сабактагы өз ишин баалоого, жыйынтыктаганга үйрөнөт. |
| **Сабактын максаттары канчалык деңгээлде ишке ашкандыгын аныктоо.** | | |
| **...** темасындагы сөздөрдү үйрөндүк. Кайда? Эмнени? деген суроо боюнча сүйлөштүк. Бири-бирибизге сылык мамиле кылдык. Критерийлер менен бааладык. | Максаттарды окуучулар сабактын башында мугалим менен кошо иштешсе, эми жыйынтыкты да чыгара алышат. Мугалим алар үчүн өзү сүйлөй бербеш керек | Сабактын аягында окуучулар менен максаттар канчалык деңгээлде ишке ашканын аныктоо үчүн бир мүнөттүн ичинде кыска гана талкуу жүргүзүү керек. |

| | | |
|---|---|---|
| **V. Үйгө тапшырма берүү.** (1 мүнөт) Эгерде окуучулар сабакка коюлган максаттардын айрым бири ишке ашпай калганын байкай алышса, мугалим ошол нерсеге көңүл бурдурат да, ошол нерсени үйгө тапшырат. | Окуучулар тапшырма менен макул болуусу, туура түшүнүп, кантип аткаруу керектигин сурап алышы шарт. Ошондуктан берилген тапшырманы бир окуучу класска кайра түшүндүрсө, башка окуучу тапшырманы кайталайт. | |

**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

**Кептик тема: Кызыл китеп, Кыргызстанда сейрек кездешүүчү жаныбарлар**

**Грамматикалык тема : Толуктоочту кайталоо ,кимди? эмнени? деген суроолорго жооп берген сөздөр.**

**8б-класс**

**Мугалим : Шабданова А.А.**

## Сабакка өздүк анализ

Кыргыз тили   8б-класс.

Мугалим :  Шабданова Айзат Ашымовна

Дата:20.11.2019

Кептик тема: Кызыл китеп, сейрек кездешкен жаныбарлар.

Грамматикалык тема : Толуктоочту кайталоо

Сабактын тиби: жаңы сабакты өздөштүрүү

Сабактын максаттары: 3 максатта сабак алып баруу;

1.Тилдик максат.

2.Кептик –катнаштык.

3.Социо-маданий

**1.Тилдик максаты:** Кызыл китеп,сейрек кездешүүчү жаныбарлар боюнча лексиканы активдештирет,барыш,табыш жөндөмөлөрүн оозеки жана жазуу кебинде   туура колдонгонду үйрөнөт.Таяныч үлгүлөрдү колдонуп,ой жүгүртүү жөндөмдөрү өнүгөт.

2.**Кептик-катнаштык максаты:** Ким кайсы жаныбарды жакшы көрөрүн,эмне үчүн жакшы көрөрү тууралында сүйлөшүшөт,окуганы боюнча өз пикирлерин айтат.Кептик үлгүлөр боюнча талкууга катышат. Кырдаалга жараша маалымат сураганга жооп бергенге машыгат.

3.**Социо-маданий максаты :** Кызыл китеп,сейрек кездешүүчү жаныбарларга кызыгуулары калыптанат. Жаратылышты, жаныбарларды коргоого үйрөнүшөт.Топтордо, жуптарда бири-бири менен сылык мамиле түзүүгө, өз ара аракеттенүүгө көнүгүшөт.

Бул класс менен 4 жылдан бери иштеп келем, менин тайпам 17 кишиден турат,тайпа улантуучу тайпа. Класс 3 жылдан бери көп тилдүү берүү проектисинде контролдук тайпа болуп эсептелинет.Тайпанын тил билүү өзгөчөлүгү жогору. Балдардын көпчүлүгү кыргыз тилинде эркин сүйлөгөн балдар.Сабакта интерактивдүү ыкмаларды колдондум . Мен бүгүнкү сабагымда Кызыл китеп,сейрек кездешүүчү жаныбарлар деген кептик теманы тандап алып,ошону менен катар толуктоочту кайталоону максат кылып алгам. Өтүлгөн тема боюнча эссе жазып келишти,тапшырманы 5 минуттук оюн менен текшердим .Коюлган максаттарыма жеттим,балдар кызыл китеп эмне экенин билишти,анын ичине кандай жаныбарлар кирерин,алар кайда жашарын.эмне себептен кызыл китепке киришкенин, кызыл китептин кандай бактарга бөлүнөрүн билишти,текст окушту,суроолорго жооп беришти. Таркатма көнүгүүлөрдү аткарышты, аткарып бүткөндөн кийин бири-бириникин текшерип бири-бирин баалашты. Сабакты жыйынтыктоодо тайпа арасына көйгөйлүү суроо жаратып,презентация жасаттым,балдар ал презентацияны мыкты деңгээлде жасап беришти.
Сабактын **аягында** бышыктоонун дагы бир жолу телефон чалып досуна же атасына.апасына бүгүн кандай сабак болгонун айтып берүк менен сабак жыйынтыкталды